

Борис Пак

# КӨГҮЛТҮР КАПКА

БОРИС ПАК

# КӨГҮЛТҮР КАПКА

ЫРЛАР
ЖАНА
ПОЭМА



ФРУНЗЕ «МЕКТЕП» 1984

84. 98 Р7
П 13

*Мектеп жашындагы кенже балдар үчүн*

Которгондор: *Барктабас Абакиров, Жолдошбай Абдыкалыков, Исабек Исаков, Сулайман Маймулов.*

**Пак Борис**

**П 13** Көгүлтүр капка: Ырлар ж-а поэма. [Мектеп жашындагы кенже балдар үчүн] /Котор. Барктабас Абакиров, Жолдошбай Абдыкалыков, Исабек Исаков, Сулайман Маймулов; [Сүрөтчүсү А. Бобров.] — Ф.: Мектеп, 1984. — 64 бет.

Борис Пактын бул жыйнагына кенже балдарга арналып жазылган кыска сюжеттүү ырлары жана поэмасы топтолду. Алар: «Арал деңизи», «Сеня тентек», «Ёлка», «Альпы шалбаасында», «Бул өзүнчө эле зообакча». Мындан сырткары «Ляляндын кызыктуу окуялары» деген поэмасы да бар.

**П** $\frac{\textbf{4803010102—116}}{\textbf{М 452 (17)—84}}$ **248.84** **ББК 84. 98 Р7**

Сүрөтчүсү А. Бобров

Рецензиялаган Т. Байзаков

Бул китеп Б. Пактын 1977-жылы «Каракалпакстан» басмасынан жарык көргөн «Голубая арка» деген китебинен которулду.

© «Мектеп» басмасы, 1984-ж.
Кыргызча которулду.





## МЕН... САПАР

Аябай чыр
Биздин Сапар!
Отту көрсө өрт! — деп
Кыйкырык салар.

— Берчи? — десең
Газет-журналды.
Көрөсүң сен
Жылмайып күлүп,
Конфет сунуп,
Турганды.

— Шапкени..? — деп
Сурасаң жай.

Чыныга куюп,
Алып келет
Чай.

Короодон
Ит көрсө,
Үрөөнөк,
«Кабанаак» деп
Сүйлөнөт.

Баратса дубалда
Таракан.
Кыйкырат анда:
— Ургула, кана,
Стакан!

Айтсаң ага:
— Кесип кой,— деп нанды?
Жообу сага:
— Тамга же? — дейт
Койбой жанды.

Ийнеликти көргөндө,
көңүл бөлгөнгө.
— Эчкини
кармагыла! — деп.

Кечээ күнү
атайы,
Кандай жорук —
Шарт эле,
Алып жоолук.
Аны
Сууга чылап,
Тактайды кирди
Жууп.

Ашкана деңиз болуп,
Сууга толуп...
Сапар бала эмес эле
Балээ го
Толук!
Бирок Сапар,
Жатып эртелеп.
Диван алдынан
турат энтелеп.

Көзүн ачаары менен,
Суроо белен.
Бөрүгө
Айланабы
чымчыктар деген.
Чыгат кайдан
Эркек,
Ургаачы — арстан?

— Мүмкүнбү? — дейт
Соңунан Сапар
Айды кармашка.
Билгиси бар —
Бүт баарын
Бир паста.

Нечен күнү,
Үйрөттүм аны.
Болбойт деп
Курчутуш кайракты.
Ийнени
Чыны деп
Сайрашты...
Бирок Сапар
«Сабагынан»
Эмес мыкты.
Анткени ал,

Быйыл араң
Үчкө чыкты.

## АРАЛ ДЕҢИЗИ

Арал деңизи
Туздун эгизи.
Түбүндө —
Сүзүп жүрөт
Жаян менен
Судак.
Усачтары көрүнөт
Куймасынан
Ар күндө.
Чычырканакта каңгыйт
Каман,
Күмүш канат
Сазан
Жана
Фазан.

Шуулдап агат,
Долуланат
Арал деңиз,
Толкунданат,
Жээкти урат
Толкундары
тегиз.
Чоң кеме
Ар күндө
Жээгинде.
Билемин
Аларды
Мен деле.

Тигине трубасы
Кыпкызыл.

«Октябрь» көзгө жарашып,
«Муйнак» болсо
Мачтасы менен
Толкун талашып,
Тумшугуна
Орногон радары
Өтө эле ак
Опокшош
«Хамза» менен
«Бердак».

Аралымы сүйөмүн
Берип
Қан-жанымы.
Ушул жерде
Қармап
Балыгыңы
Түп атам да,
Балыкчы болгон
Аныгы.
Мен толкундарда
Алып келалам,
Қемени.
Торлорду да
Өрө алам.
Сулуу нерсе
жок деп.
Биздин деңиз
Аралдан.
Мен
Қим менен
болбосун
талаша алам.

## ТҮРПҮ

Өткөн жайда
(Сөз арбын),

Ысык-Көлдө эс алдым.
Адам көрүп таң калчу
Түрпү — балык
көп экен
кайырмактап кармалчу.

Эрте таңда
Бир жолу
Сөөлжан эле салганым.
Отуздай бар —
Бир чака
Түрпү кармап алгамын.
Кубанычтан закылдап.
Ыракмат жок, сүйлөнүп
Сапар кирди бакылдап.

— Сени ушул кайырмак
балык түшпөй карытты.
Майда-чүйдө
Бир неме —
Түрпү дагы
Балыкпы?

Бирок
кызык тамаша,
Эне
Сорпо жасаса,
Сапар ичти
көз кадап.
Удаа-удаа
үч табак.

## БУРУНДУК

Күн жаады
Чагылган чартылдап,

Токой ичи
жаркылдап.

Жаныбар
Бурундук —
Тыйын чычкан.
Коркуп турат.
Керек да, аган —
Жан!
Кирип келди
Сандыкка
Түйүлө.
(Биз анда
жашоочу элек,
Токойчунун
Үйүндө.)

Бирок
Жамгыр өттү,
А бурундук
дагы эле
калтырап
Карайт көктү...
Үч күн бою
Сандыкта
Жата берди.

Жупжумшак
Куйругу менен
Чийип жерди.
Бир күнү,
Тамактын убагында
Туруп келди.

Ошентип
Бул бурундук
Байыр алды.

Сандык-үйүн
Мекен кылып,
Жашап калды.

## МЕН КАНТИП БИЛБЕЙ КАЛДЫМ?

Бир күнү
Атам,
Командировкадан
Мышык апкелди.
Жүнү үлпүлдөп жумшак.
Өзү жеңил эбелек шекилдүү
куйругун кара
билбейм кимди туурайт,
чагарактатат да турат.
Өзү да бир кызык:
Эч нерсе ичпейт,
эчтеке жебейт.
Күндүз да,
Түндө да,
коркурап жолду тиктеп,
Терезeмде отурат.

Мен ага жалынам,
Ми-я-лоп чакырам:
— Эмне шалпаясың?
Жооп бер,— деп асылам.
Нан бердим,
май,
сыр,
сүт бердим,
айыктырсам деп илдетин.
А, көрсө
капрондон жасалган.
Мышык тура
Ошону билбепмин.

## БУЛ САГА ЧОҢ САБАК

Батареяда
Олтурат мышык.
Таманын
Жышып.
Өрдөктү кууп жүрүп
Тоңуп калыптыр,
Арыктагы суuга түшүп,
Мына сага
Сабак.
Өрдөктү эми
куубагын чунак!

## БАЛЫКЧЫ

Тома жеңеме,
Бүгүн
Мен,
Бүлүк салдым,
Үйдөгү,
Аквариумдагы
Бүт балыкты
Кармап алдым!
Байкем,
Балык
Кармайм деп,
Сууга
Кайырмакчан барат.
Эмне үчүн мага,
Үйдөгү
Балыктарды
Кармаганга
Тыюу салат?

## САЛАМАТСЫҢБЫ, ЖАЙ

Эшиктен
Суук ургулап.
Кар муздап,
Катуу бурганак.
Бирок жылуу
Бөлмөбүз.
Айтсам
Жаман көрбөңүз.
Эрте туруп
Баарынан
сергектигим билгизгем.
Мешке
От жагып жылытып,
Жайды
Үйгө киргизгем!

## ЭШИКТЕРДИ ЖАПКЫЛА

Биздин эшиктер —
Эмнеге эле
Кычырайт?
Тумоо
келип калганбы?
Жапкылачы,
Эртерээк
Биз дагы
Ооруп калбайлы!

## ЖАҢЫЛДЫ

Ойготтуруп
Петка кыйнайт
Күнүгө ата-энени.
«Ойготушсун

Бүгүн да
Турбай
Жатып алайын
Мейли» деди.
Караса,
Атасы да,
Энеси да
Турбайт
Неге?
Жада калса
Радио унчукпайт,
Билбейт,
Неге?
Ыргып туруп
Кийинип,
Сабак жазып,
Эки стакан
Кофе ичип,
Деле шашып,
Жүгүрүп
Мектебине
Келсе,
Кызык.
Эшик кулпу.
Эч ким жок,
Айлана тынч.
«Эмне,
Агай
Ооруп калганбы,
Кандай кырсык».
Күзөтчү айтат:
«Баатыр турбайсыңбы,
Бали, азамат!
Биринчи келдиң бүгүн
Бирок...
Дем алыш да,
Болбойт сабак».

## УКМУШ БАГБАН КЛАВА

Отургузуп алча,
Клава
Бир канча,
Суу жайды
Ага.

Алар өстү
Дүркүрөп,
Мөмөсү бышты.
Күч үрөп,
Кызылынан
Үздү.

Чакаларга,
Толтурат
Ыр ырдап,
Бышканын
Жеп отурат
Жыргап.
Күн сайын
Ойноп-күлүп,
Тере берет.
Бирок терип бүтпөйт.
Бүт короо дайым
Жардамга
Келет.
Клава ошентип,
«Багбан кыз»
Делет.

## ТАМЧЫ

Ойгондуң, угасың —
Терезе түбүнөн:

Тып-тып,
Тып-тып...
Таң калба, эмне деп
Бул тамчы —
Чубурган
Бат эле
Апрель
Келсе деп.

## КАЛЕМПИР

Мен — кабыкмын!
Мен кабыкмын!
Дилим — ачуу,
Күлүм — кор.
Ишенбей
Мени — таткандар,
Качышат
Оттон качкандай.
Демек,
Калемпир деген
Мен!

## ПИЯЗ

Ай чоң ата,
Деги сен,
жыйырма кабат
Тон кийген,
Чоң атасың —
Не деген.
Чечинтем деп
Тонуң кийген,
Түшкө чейин
Ыйладым мен.

## ҚАНЧА ӨТҮҚЧӨ ТИГИШ ҚЕРЕК?

Қырк аяк үчүн
Тигишти
Қырк өтүкчө,
Жапжаңы.
Демек,
Эки
Қырк аякка,
Тигиш керек
Қанчаны?

## БУЛ ӨЗҮНЧӨ ЭЛЕ ЗООБАҚЧА
## ҚЕЛГИЛЕ, БАЛДАР!..

Булутту шамал,
Асмандан айдап.
Күмүш күн,
Алыска жайнап,
Қарачы, кандай сонун
Қабактар жаркып
Зоопаркка балдар
Келишти
Бир кылка тартып!
Зоопаркта накта —
Кире бериш
Эшиги жакта,—
Көгүлтүр капка.
Капка жак залкар,
Көз отун тартар —
Ягуар жана да,
Керилген аркар,
Тоо улары — тооктор,
Суктануун артар;
Зор арстан,
Арстандары менен,

«Планеттин»
Жарымын ээлеп,
Карашат балакайларды
Жырткычтар:
— «Келгиле,
Бизди көргүлө!»
Коля
Шарик сатып алган,
Адегенде тирде
Анын оң көзү
Эшектен өтүп
Сол көзү —
Лира куштарда калган!
Чындыкты
Мойнуна алса...
Атасы менен
Бирге келген ал
Зоопаркка,
Бирок бүгүн
Кызык болду зоопаркта
Арстан бош,
Маңыроо тартып,
Болуп берди
Балдарга дос:
— СЫЛАГЫЛА барыңар,
Кериктин жонунда
Үргүлөйт Галка.
Бегемот болсо,
Оозун чоң ачып,
Өткөн-кеткенге
Башын ызааттуу ийкеп:
«Менин курсагым ач
Бергилечи жок дегенде
Калдыгын
Пирожныйдын,
Же балмуздактын!»
Тоту куш

Кыжырын келтирет,
Муштумдай маймылдын.
Күрсүйгөн аюунун
Мамалагы талтаңдай
Оонайт жерде
Оюну канбай.
Күлүшөт балдар —
Күлкүлүү жандар.
Булутту шамал
Асмандан айдап,
Күмүш күн
Алыска жайнап.
Кандай сонун
Кабактар жаркып,
Зоопаркка балдар
Келатышса
Кыркаар тартып!

## ТЮЛЕНЬ

Зоопаркта
Үчүнчү күн,
Жатат тюлень.
Карда
Уктайт көпкө керилип,
Көздөрүн жуумп демигип.

Ал тюлень,
Эринет
Жада калса,
Балык жегенден.
Балким, сенден —
Көлтөйгөн тюлень
Жукканбы — деп чочуйм
Аңкоолук
Жана жалкоолук!

# СУУНУ КИМ КАНДАЙЧА ИЧЕТ?

Айткым келет
Силерге,
Балдар,
Дүйнөдө
Ким
Кандайча
Ичет сууну?
Кайсы жандар —
Кайсы малдар.
Адамбы,
Пилби,
Суусарбы —
Бардыгы
Суу ичүүнү каалашат.
Суу ичет алар,
Кулак жарган
Тоо суулардан,
Булактардан,
Кудуктардан.
Суу ичет алар,
Көкүрөк керип,
Ийнин түзөп,
Эркинче ичет
Сууну каалашынча күсөп.
Токойдогу
Тыйын чычкан,
Таңда туруп
Жалбырактан,
Суусун
Сымак
Шүүдүрүм жуткан.
Ал эми
Карышкыр болсо,
Көздөрүн жаркылдатып,
Тили менен

Суу ичет
Шапылдатып.
Ал эми төөнүн болсо,
Тим эле жабыша калат
Узун эрди көлмөгө,—
Ичет сууну сааттап,
Заказ кылгансып
Сегиз чаканы
Удаалап жутат
Кетпей талып!
Суусуну каныл.
Андан кийин ал
Айтмакчы,
Көп күн
Сууну сурабайт.
Карлыгач
Уясын салат
Жай айында,
Учуп баратып
Дайрадан суу ичет,
Күн ойноп кабагында.
Аюу болсо
Кыш күнү
Эч жакка чыкпай,
Өз таманын өзү сорот,
Үңкүрүнө ыктай,
Мына ушундай
Жалкоо ал
Көшүлүп уктай!..
Суусунун
Кандырыш үчүн
Суу ичеби кит?
Албетте ичет —
Кана,
Кандайча ичет?
Кит
Килейген зор немең

Деңизде сүзүп термеле,
Оозун ачып
Кайра жаап,
Шок-шок этип,
Кыймылга келип жаагы,
Аябай талыгыча
Сууну жутат
Суусуну кангыча...
Ооба, чын
Кызыктуу
Балдар,
Дүйнөдө
Кандайча ичет сууну,
Кайсы жандар —
Кайсы малдар!
Ал эми
Силер билесиңерби?
Мисалга алсак,
Түлкүнүн бачиктери,
Деңиз арстаны,
Тиштери арсак,
Ондатр,
Пил,
Бука,
Легилек,
Бүркүт
Кандайча суу ичет?
Биздин зоопарктан
Буларды
Билүүгө болот
Жайында!

## МОРЖ ЖАНА КИРПИ ЖӨНҮНДӨ

Карыя Морж
Ургаачысына

Минтип бакырды:

— Биздеги
Балалуу
Кирпини карачы?
Батыраак ойгот
аркы баланы.
Көрүп калсын
ийнелүү
кирпинин баласын!

Уйкудан ойгонгон
Кичинекей Моржочо
Күрүлдөп үнүн чыгарды:
— Канакей,
Кирпинин баласы?
Түшүнбөдүм мен
Кирпинин баласы эмес,
Ийнелүү түйүнчөк
Жатат карачы!

## КИРПИ

Ийнесин
жоготуп ийип,
Кирпи,
Жаңжал салды чоң.
Кой дегенге
Болбостон.
Анда:
Пилдин күлкүсү келди,
Өз оюн
Айтып соңунда:
«Кирпи бечел!
Турбайбы» — деди,
«Миллион ийнең жонуңда!»

## ПИНГВИН

Мен — пингвин!
Мен — пингвин!
Мен — көңүлдүү
Гражданинмин.
Мен өзүмдү
Жоон дебесмин,
Ичке да эмесмин.
Киймим — фрак [1],
Дайыма
ийне кийип жүрөм,
Куштардын ичинен,
сыпаасы да,
мырзасы да мен

## ЖАНДУУ КАШАА [2]...

Таң калды
Бир кезде
Егор:
— Мына, керемет!
Жыгач кашаа —
Жандуу забор!
Балдар какшыктуу күлдү,
Чыгарышып ага
Бирдикте үндү:
— Көзүңдү ач, Егор,
Намыстантат бизди,
Билбестигиң кээ бир.
Таң калба буган,—
Тигил,
Жыгач кашаа эмес,
Чаарала жылкы
Африкалык кулан.

---

[1] Фрак — уча этеги узун, өңүр этектери оюк кийим
[1] Жандуу короо, кашаа деген мааниде.

## БАЛАПАНЫ ӨРДӨКТҮН

Майпаңдай басып
Бала өрдөктүн жүргөнү,
Бутунда кооз,
Кыпкызыл өтүк кийгени.
Мурду — кичинекей
Көздөрү — мончоктой
Чачырап нурлар күндөгү.

Акырын гана
Көлмөдө калкып,
Түш көрүп
Сууда көшүлөт
Жыргалга балкып...

Аңгыча
Кызыгып
Турсам мен карап,
Сууга чөккөн
Бутактуу жыгач алдына
Кирип кетти.
Куйругун ал булгалап...

Оозунда курту бар,
Сорок этип
Чыга калса бир кезде
Бүткөн бою бүт ылай?
Тентектигин
Салды эске.

Балапаны өрдөктүн
Бачым-бачым силкинди.
Анан чайпалып далайга.
Жээкке чыгып,
Теңселип басып
Келе жатты
Сонун маанайда.

## ЁЛКА

Анда илинип турат,
Ар түркүн оюнчуктар:

Момпосуй, чынжыр гүл,
Жана шарлар,
Сүрөттөр, кебезчелер,
Балыктар
Жана желекчелер.

Анда илинип турат
Ар түркүн оюнчуктар:
Солдатчалар,
Замбиректер,
Сыйкырдуу жана
Кут фонарь,
Алтын шарча.

Баарынан бийик,
Баарынан бийик,
Чындыгын айтсам,
Тереңден сүйүп
Беш бурчу бар
Бакыт жылдыз
Тигинде турат.
Нурлары алыс
Жалындап тийип,
Жалындап күйүп...

Азыр мына,
Тактым буга,
Кара өрүк, кызыл чиеден,
Ашат мына оюнчуктар тизмеги
Ах, сүйкүмдүүсүң,
Супсулуусуң сен мынча,
Кооз ёлка биздеги!

## ЖАНДУУ ВЕЛОСИПЕД

Менин
Велосипед болуумду
Иничегим суранды.
Жонума,
Мойнума
Минди да:
— Кеттик! — деп кубанды.
Колундагы шоколадын
Өзү кемирип
Байкабады ал желигип.
Унутту
«Жандуу велосипеддин» да
Кыялга батканын,
Шоколаддан ал дагы,
Бир татсам деп
Самап жатканын!

## СЕНЯ ТЕНТЕК

Күн уядан
чыгаар менен,
Терезеге
Нур чагылды.
Ал
Эки мүнөт
Өтүп-өтпөй
Ыргып түштү,
Кайра жерге
Бир убакта
Ал жылт койду
Сырткы эшикке...
А далисте
Бала турган
Сеня деген;

Жуунбаган, таранбаган,
Бою-башын каранбаган.
Ашынган бир тентек эле...
Гүл өстүргөн карапаны
Таң азандан жайлап салып,
Тилин уккан атасынын.
Ал балага
Чагылган нур мындай деди:
— Күнөөң үчүн кайгырбагын,
Кайгырбагын сен көп эле.
Баштагыдай бул короодо,
Шаттанасың эртең эле...
Нур сөзүнө
Калды бала шыктангансып,
Бирок дагы
Аз убакыт өтпөй эле,
Агып кирди көздөн жашы.
Колу менен мурдун чукуп,
Деди бала өкүнүчтүү:
— Чоң ыракмат, жылуу-жумшак
Сөзүң үчүн...
А бирок сен уксаң мени
Өзүм дагы түшүнбөймүн,
Ардемеден-бирдемени
Сындырмайын, бүлдүрмөйүн,
Негедир мен жашай албайм.
Ошондуктан балдар дагы
«Тентек» дешип атап алган...

## КҮН

Күн менен
Бак-дарак миң түргө
Бөлөнөт. Ыр ырдап,
Куштар да көгөрөт.
Күн чыкса чегинет

Ызгаар-суук.
Күн менен
Шаар курабыз.
Күн бизге сулуулук!
Күн жолун утурулайт
Күрүч да, арпа да,
Чаңкайып чар тарап...
Күн келет,
Андыктан, ачамын
Парданы кепкенен:
Тезирээк кирсин деп
Күн нуру бөлмөмө...
Көңүлдү термеген...

## БИЗ — ПАЛВАН ЭКӨӨБҮЗ

Биз — Палван экөөбүз,
Заматта эле бир койдун
Этин бүтүн жеп койдук.
Көз ирмем да өткөн жок,
Аймап ийдик ар бирибиз
Дагы үчтөн тоок.
Биз — Палван экөөбүз,
Бирден койдун этин бүт
Жедик дагы артынан
Табак-табак ичтик сүт.

А апам дейт бизге:
— Шорпо дагы керекпи?
Биз айттык: — Бир киттин
Сүтүнөн башкага
Тоюнчудай эмеспиз.

## ЁЛКА ЖӨНҮНДӨ

Ак кар кийген Аяз Ата аманбы,
Бизге арнап алып келдиң ёлканы!

Тобурчактуу ушул ёлка арасы
Майлангансыйт смолага чамасы!

Жапжашыл кооз балаты,
Сыйкырдуу анын арасы.
Ёлкага шаттуу шаң улап,
Биз менен «Полька» жаңырат...

Чын көңүлдөн кооздодук баарыбыз.
Ыр жаңырды, эргийт жүрөк каныбыз.
Барбы ёлка жер шарында, дем берер,
Биздин кооз ёлкабызга тең келээр?!

Жапжашыл кооз балаты,
Сыйкырдуу анын арасы.
Ёлкага шаттуу шаң улап,
Биз менен «Полька» жаңырат!

Күнү бою ойноп ёлка айланып,
Ыкшоо тартпай шаттык күүгө байланып.
Бир аз тыным алсак жүздөр жайнаган,
Оюн куруп айланабыз кайрадан.

Жапжашыл кооз балаты,
Сыйкырдуу анын арасы.
Ёлкага шаттуу шаң улап,
Биз менен «Полька» жаңырат!

## МЕН — ЭЛЕКТР ШАМЫМЫН

Мен — электр шамымын:
Столдогу,
Мамыдагы,
Аскадагы
Шахтер кийген
Каскадагы,

Самолёттор,
Станокто
Турам жанып...
А түнкүсүн
Терезеден
Жолоочуга
Жалт-жулт этип...
Берем жарык...
Менде дайым
Жаз жалыны.
А анткеним
Белгилүү го:
Көктө күнгө
Сиңди экеним...

## СҮЙКҮМ ШААРЫМ НУКУСТУ СҮЙӨМ

Сүйөм сени
Борбор шаарым,
Кымбатсың ма —
Сенсиң жаным.

Сен — супсулуу,
Жана жашсың.
Сага деген сыймыктануу
Билем эч бир тарабасын!

Аянты Лениндин,
Мээрим нур чачылган.
Тилкелүү түркүн гүл,
Түркүндөп ачылган.
Катар үйлөр,
Дагы үйлөр граниттүү
Жетпей эсеп-санатың,
Коздукка таң каласың!

Мейман үйү —
Мына «Нукус» жаркырап,
Бир ажайып
Көзгө сүйкүм тартылат.

Сол жагында
Искусство музейи,
Жаңы ордунда
Турат кубаныч тартуулап.

Көптү көргөн
Адамдардан,
Чукчалардан,
Сактардан да.
Бирок, достук салтын
Бекем сактаганга
Эч ким жетпейт
Каракалпактарга.

Агат Аму
Буурakандап,
Агат деңиз Аралга,
Нукус шаарым аптапта
Жеңил тартат
Төшүн тосуп,
Салкын илеп шамалга!

Сүйөм сени
Нукус боорум
Достук тилеп,
Достукка бек турактуу,
Кадам шилтеп,
Өлкөм менен,
Көздөп алыс-эртеңди,
Келатасың,
Жумушчулар сыяктуу!

## АЛЬПЫ ШАЛБААСЫНДА

Ураа, балдар,
Биринчи ирет
Учат ырас —
Биринчи класс!
Учуп чыгат
Биринчи ирет,
Учат мына
Биринчи класс!
Күтөт сени
Алтын шалбаа.
Оронгон тоо
Аппак карга.
Күтөт сени
Алтын шалбаа.
Оронгон тоо
Аппак карга.
Күтөт сени
Бул жердеги
Чабандар да.

Олтурдук биз
Вертолётко,
Кеттик учуп,
Тоо тарапка.

Мен,
Төлөк
Жана Маша,
Жумашев дос
Бар жанаша.
Мадимбай,
Гүлнара да,

Коля да,
Динара да.

Көкүлү бар Каныбек да,
Бек жабышып рюкзакка
Кеттик жөнөп.
Бизди мына
Жеңил гана,
Силкип-чайкап,
Кандайдыр бир тарапка,
Алып учту заматта.

Лопас улам
Чимирилип-шаңданып,
Учтук дагы
Көктөм көздөп айланып...

Маша болсо
Көзүн жумуп,
Коркуп мага жабышат,
Гүлнар тентек,
Так секирип
Күлкү күүсүн агызат.
Көбүгүндөй
Аппак сүттүн,
Учуп түрмөк
Булуттар,
Терезеден
Күндүн нуру
Көрүндү.
Саргыч, аппак
Ысык илеп
Каалаганча
Жаркып,
Ачык төгүлдү.

Сапар жолдо таштап бой,
Жипке тизип койгондой.
Поезд барат бүлбүлдөй,
Жылып жүрчү үлүлдөй.

Асман тирейт теректер
Окшоп бийик чокуга.
Чарчыланып талаалар
...Алда-кайда созулат.

Алыс жакта көлмөлөр —
Кудум шакек өңдөнөт.
Бал челектей көрүнөт,
Көчө бойлоп, жол бойлоп —
Кырка турган көп үйлөр.
Билиш үчүн
Тууган жерди
Досум жанда,
Биз экөөбүз көз салып,
Мен издедим
Туулуп өскөн айлымды.
А Жумашев
Мойнок жагын
Карап көз от чагылтты...

Биздин учуу
Көпкө созулду,
Мүнөт өтүп
Саатка да кошулду.
Ыракмат эми
Вертолётко
Алып келген,
Бакыт, кубаныч кошулду!

Аксакалдар
Бизди тосуп,
Кымыз берип,
Сыйлады.
Андан кийин
Таң атканча
От жанында — костёрдо
Ырлар, бийлер тынбады.

## БӨБӨКТӨР ЧЫКТЫ ТАЛААГА

Август айы,
Жайкы убак.
Бөбөктөр
Талаага чыкты
Убап-чубап.

Улам жанат,
Алоолонуп,
Күйүп барат
Помидорлор
Жээкти карап.
Андан ары
Коюу тартып.
Капустанын
Турат баары —
Көзүн артып.
Топтолтура
Эки себет.
Оля
Жүрөк демеп,
Зина менен
Алып келет.
Семён,
Яша менен.
Бир жашикти
толтура терген.

Кокусунан
Кыйкырды Нина:
— Ой, коон,
Өтө жоон!
Мына,
Үзүп алып,
Сабагынан,
Өткөрдү анан

Баарынын
Көз алдынан.
Бирок
Биздин ага —
Тихон;
Көргөзду Нинага:
— Ушубу коон?!
Колун жакшылап
Анан
Жай гана
Мындай деди:
— Кара, жакшылап!
Бул коон эмес,
Ашкабак!

## КЕРЕБЕТ

Эки жөлөнгүч,
Төрт буттуу
Жол сыяктуу
Сеткасы —
Куттуу.
Эгерде
Бириксе
Анын баары
Керебет болот
Жапжаңы.

Жасадык
Дем алыш күнү,
Атам экөөлөп
Келтирип эпке.
Беребиз деп
Павликке

Мен төшөнчү
Койдум салып.

Павлушка
Уктоого жатты
Барып.
Павлик
Уктап, ыйлабайт,
Үйдө тынч жатат
Кыйнабайт.
Апабыз өпкүлөйт,
Бизди кучактап:
— Керебет үчүн
Ыракмат!
Береке тап!

## ТООК

Мен туудум
Бир паста
Жумуртка,
Караңгы үйдүн
Астына.
Ошондуктан,
Ачкамын.
Жегим келет
Эгиндин
Баштарын.
Мага бергиле
Буудайдан.
Ичүүгө
Булактагы
Суудан.

Буудайды жутууга
Үзүлүп түшөмүн.
Соңунан
Башаттан
Ичемин.

Анан
Караңгы үйдүн
Астына
Тууйм
Жумуртка,
Унутпа!

# ЛЯЛЯНТАНЫН КЫЗЫКТУУ ОКУЯЛАРЫ

*Поэма*

## БИРИНЧИ БӨЛҮМ

Жаркыраган
Күнөстүү
Борбор шаарда:
Трамвай
Паркы,
Цирки бар.
Бул шаарда
Үч кыз — эже-сиңди
Турушат,
Ынтымактуу
Жыргап анда.
Эң улуусу
Эола деген,
Ар бир күнү
Эртең менен
Эрте туруп,
Кир жугузбай
Эч жерине,
Бөгөп түзөп
Сыпаа-сылык
басып барат
Мектебине.
А Эллина
Такыр башка,
Бар болгону
Сегиз жашта.
Ошентсе да
Көр, өнөрүн,
Тартып салган

Ак кагазга
Эжелеринин сүрөттөрүн.

Лялянта
Түк карабайт
Эжелердин ишине да.
Куурчагын жууп,
Жүрө берет,
Ал анткени
Кичине да.

Эоланын бар
Үч курбусу —
Үч күлкүчү
каткырышат
Качан баргын.
Эллинада —
Беш курбу бар.
Лялянтада
Андан да арбын!
Эң улуусу
Зыңылдатат
Пианинонун
Жанын койбой.
Ортончусу
Сүрөт тартып,
Өз алдынча
Жүрөт ойной.
Апакеси
Кийим тигет,
Лялянта —
Анда мойной:
— Машинкаңды
Берчи апа,— дейт.
Кой дегенге
Моюн бербейт,
Мен да билем

Тигемин дейт.
Ал аңгыча
Ким бирөөлөр,
Каалганы каккылашат,
Анда үч курбу
Жайдары-шат:
Эоласы
Ленасы,
Флорасы,
Сайоралар
Жылмайышат.
Отурушат
Үчөө бирдей.
Эолага жакын ыктап.
Сагызгандай
Шакылыктап,
«Ак!» «Ок!»
Дешип талашышат,
Таттуу нандан
Жешип мыктап.
Жаңы гана
Ысык мештен
Таттуу пирог
Чыкса дагы,
Шилекейиң куюлттуруп
Ай, пай-пай, ай,
Укмуш даамы.
Жейт Рамз,
Жейт Оксана
Аймап иет
Анзор дагы.
Босогодо,
Борс-борс үргөн
А Трезор
Кур калабы?
Анан дагы
Шумдук кабар!

Артисттер да
Келиптир дейт.
Арасында
Сыйкырчы
Кио да бар.
Болот дечи
Ага барыш.
Бирок, бирок
Билет калбай
Шаардын эли
Бүтүн дүрбөп,
Көз чачырап,
Кулак кагыш!

Курбулардын сөзүн угуп,
Ушунчалык
Жанып күйгөн.
Сүйкүм жүзүн
Жадыратып,
Атакеси чыгып үйдөн
Бийлегиле
Дейт кыздарын,
Киогобу?
Силер үчүн
Көрүп койгом
Билет камын!
Апакеңер
Алып барат,
Аз күндөгү
Каникулда.
А курбулар
Кубанышат,
Кыйкырышып «Ура-ура!»
Кирип келет
Каникул да,
Жаңы циркти
Жалпы оттору

Жарк-журк этип,
Жанып мында,
Жүз афиша
Туш тарапта
Мындай деген
Жазуу таасын:
«Кио келди
Биздин шаарга
Коштоп алып
Труппасын!»
Маэстро
Таяк кармай,
Оркестрге
Коёт жандай.
Анда оркестр
Күүсүн чалмай.
Чыга келет
Аренага
Күткөн Кио
Жарык мандай.
Зал жаңырып
Карайт канбай.
Аркасынан чыга келет
Бүт труппа
Бири калбай.
Эң сонунда
Куудулу бар
Жепирейип,
Эшек минген
Анан парад,
Парад шандуу,
Койкондошуп
Басат бирден.
...Көз уялтып,
Жарык жанмай,
Эң биринчи
Кезегинде

Мына кызык,
Күч сынашмай!
Андан кийин
Тири укмуштар,
Көргөн сайын
Көргүң келип,
Көргүң келип,
Деги пай-пай!

Анан гимнаст,
Шымаланган
Куполго атып
Жарык жанган.
Залда тыптынч
Шыпшынышып:
«Өлбөсө экен
Кулап андан!»
Анан куудул
Куудулданган,
Зал жанданат
Мооку канган.
Иттер чыгат
Анан бир маал,
Митаам түлкү
Короозу бар.
Да бир кызык,
Баарынан да:
Мышык чыгат
Чычкандарын
Жыбыратып,
Салып алып
Кичинекей арабада...
Бу бир шумдук
Көргөн көзгө.
Баары тегиз
Жайдары шат,
Балдар күлүп

Кол чабышат.
Крокодил
Каамыт кийип
Сүйрөй албай,
Ал жабышат!
...Жарык өчөт
Заматта шап,
Зал да тымып
Күлкү качат.
Кайда кетти
Ал дагы шат?..
Кио чыгат
Арабачан
Залдагылар
Таң калышат...
Мурдагыга
Улам удаа,
Көрсөтүүлөр
Улануудa.
Торго чалат
Сулуу кызды,
Жүрөк туйлайт
Таң калыштан,
Көз ачкыча
Тордо жүрөт
Бийкеч эмес
Тирүү арстан!
Учуп жатат
Канат барбы,
Карталардын
Кагаздары,
Жарык өчүп
Кайра жанат,
Алаканды
Чабат баары!
Кио минтет
Күлүп гана:

— Мен силерден
Күтөм, кана!
Мына биздин
Укмуштарга
Жардам берчү,
Барбы мага?
...Эмнегедир
Чыгарышпайт,
Ата кызын
Апасы уулун,
Жардамдашкын
Бар деп айтпайт!
Дейт Лена
Досторуна:
— Көмөгүмдү
Берем ага.
Сыйкырлыктын
Сырын билем,
Чыгамын дейт
Аренага!
Күлүп Кио
Карап алды,
Эмне кылды,
Анан
Дебейсиңби?
Ящигине
Ленаны салды
Өлөрүнө
Карабады.
Араа менен
Шашпай гана
Ал ящикти
Ара-а-ла-ды!
Ошондо көр
Бүтүн залды,
...Дем алышпай
Дымып калды.

...Зал кыймылсыз
Дымып калат
Ким бирөөнүн
Үнү гана
Ачуу-ачуу
Аба жарат:
— Кызды өлтүрдү
Кокуй-алат!
Бир заматта
Түтүн «бурр» деп
Бир заматта
Ящик да жок.
А Лена сопсоо бойдон
Басып жүрөт
Ал койкоңдоп.
...Лялянтага
Кио келет
Мындай деген
Кеңеш берет:
— Кана, кызым,
Тур турагой,
Тегеренип
Жүгүнгүн да,
Сан балдарга
Көрүнүп кой!..
Лялянта
Анда күлөт
Тегеренип көтөрүлөт...
Лялянтаны
Эми көрсөң
Ак булуттай
Ак көйнөкчөн.
Ак куу мисал
Учуп жүрөт!
«Бу кандайча
Бу кандай кеп,
Учушума

Эмне себеп?
Учам,
Учам,
Көтөрүлөм
Дагы учууну
Самап жүрөм!
А жылдыздар
Койнун ачат
Жанып-жанып
Көз ымдашат.
Мына бирөө
Экинчиси
Чыгат анан...
Азыр-азыр
Кармап алам!»

А жылдыздар
Күйүп-жанат
Лялянтанын
Башы айланат,
Бирок колун
Серпип кетет,
Алтын жылдыз
Жарк-журк этет.
Бекем тутуп,
Түк чыгарбай
Кармоого да
Күчү жетет!
Анан аалам
Тынчый калат,
Лялянтага
Ал үн салат:
«Сен сыймыктан,
Кара,
Тыңда,
Ханышасы
Боломун мен —
Жылдыздардын

Арасында!
Менин дүйнөм
кенен
Чексиз.
Кичине деп,
Сен ойлобо.
Менин атым
«Жылдыз Кио!»
Сен дайыма
Эстеп
Койгун,
Сыйкыр
Жылдыз
Мен боломун!
Дагы эсиңде
Туткун
Баарын:
Айтканыңды
Аткарамын,
Балким сенин
Киргиң келээр
Көргөн сайын,
Моокуң канган
Жалт-жулт эткен
Жылдыз паркка.
А биздеги
Сыйкырланган
Көргөн жандар
Бүт кызыгаар,
Кадимки айлуу
Селкинчек бар!
«Ооба» дегин,
Колуң сунгун,
Бирок көзүң
Бекем жумгун!
Менин бекем
Колуман ал

Сыйкырланган
Дүйнөгө сен
Чочулабай
Көрүнө кал!»

Көшөгөнү
Ачкан өңдүү,
Анын көзү
Парктты
Көрдү.
Бүтүн жомок!
Не кааласа
Бүт баары бар.
Аянтчада
Аяк керет
Көз уялтып,
Күлүк
Аттар.
А жөн эмес,
Кометалуу
Баарысынан
Куйруктары!
Мүйүздөрү
Бүтүн алтын,
Ай астыртан
Күлөт жаркып,
Анан
Айлуу селкинчеги
Чыйк-чуйк этет
Болбой чеги.
Ал аңгыча
Саат кагылат.
Кайдан-жайдан
Кулак жарган.
Лялянта
Так алдында
Пайда болуп

Жоктон-бардан
Бийлеп кирет
Арабасы,
Бийлейт маска
Шумдуктанган.
Аянтчада
Аттары да,
Тегеренип
Селкинчеги.
Айланкөчөк
Анысы да
Бүт кыймылда
Койчу деги!..
Баары бийлейт,
Тегеренет,
Мындай бийден
Ким зеригет!
Дагы кайра
Шумдуктанат
Лялянта.
Дагы кайра,
Дагы кайра...
Учуп барат!
Анан жерге
Талп деп калат.
Катарында,
Лена да,
Кио жүрөт
Аренада...
Ата-энеси
Жылмайышат:
«Лялянта
Кызым, кандай
Кандыбы уйкуң?»
Деп сурашат.
Эки колуң
Сермеп эчен,

Көп кыйналып,
Көп түйшөлдүң,
Бу түшүңдө,
Учтуң го сен?

## ЭКИНЧИ БӨЛҮМ

Асман жаркып,
Кандай бүгүн!
Эс алуучу
Дем алыш күн.
Сүйүктүү шаар
Кош бол, кош бол!
Алыс жакка
Чакырат
Жол!
Атасында
Алп рюкзак,
Ал тоону
Батыргандай.
Эне чыгат
Сумка кармай.
А кыздары
Жаны калбай,
Шымаланып
келет жандай.

Китеп, нота —
Эолада.
Топ, блокнот —
Эллинада.
Лялянта
Тор сузгучун
Кармайт бекем,
Алар эмне,
Жеңил бекен.
Надя жеңе

Баарын билет —
Кол чатырын
Ала жүрөт
Ысык күндө
Керек өзү,
Аз да болсо
Көлөкөсү!
Машинаны
Жолдон күтөт,
Келсе шашып
Баары түшөт.
Машиналар
зымырайт
Ондо, солдо
Сактык гана
Эң керек
Кууш жолдо.
Машинага
Бүтүп канат,
Көк деңизди
Көздөп барат.
Артылганда
Жолдун теңи,
Кыздар сурайт:
— Качан деги?
— Шашпагыла,
Азыр эми!
Көпүрө бар,
Анан
Желек,
Чарбак мына,
Жеттик, демек...

Бут көрүнөт,
Баары ажайып,
Деңиз жатат,
Денин жайып.

Тигилди да
Чатыр мына,
Тамактанып,
Аз тыныга.
Бойду керип,
Дене жазып,
Барат сууга,
Баары шашып,
Атакеси
Чабак урат,
Бою сергип
Бир кубанат.
Алыс-алыс,
Алыс кетип,
Аска алдына
Сүзүп барат.
Кайра келип
Кыздар менен
Суу чачышып,
Мооку канат.
Лялянта,
Тор сузгучун
Алат дагы
Басат ары,
Чегирткелер
Жатышкандай,
Тилин безеп
Сайрап баары.
Издейт,
Издейт,
Таппайт аны.
Кубангандан
Бийлеп иет.
Турат ак гүл
Гүлдөп жаңы!
Бул — көпөлөк,
Жашыл жайда,

Лялянтадан
Качмак кайда?
Кыз кубалайт
Кармаганы,
А жандуу гүл —
Гүлдүн агы,
Бирде конуп,
Бирде кайкып,
Зымырылат
Дагы, дагы.
Кыз кубанат,
Маашырланат.
Кыткылыктап,
Кирип жаны!
...Надя жеңе
Башы ката,
Кайда кыздар,
Кай жакта, ата?..
Күн бир тиет
Так төбөдөн
Мээ кайната...
Аскада ойнойт
Лялянта!
Көпөлөктү
Кууп келет,
Аска ташты
тегеренет:
деңиз жээктеп
Яхта турат —
Улам аны
Шамал булкат.
Кыз кылчайып,
Көңүл бурат.
А көпөлөк
Канат керет,
Кыз кубалап
Оюн көрөт.

А көпөлөк,
Бир көкөлөп,
Яхтага да
Барып коңот.
Кыз жыгылып,
Тура калып,
Аска таштан
Тайгаланып,
Яхта үстүнө
Тоголонот.

Лялянтага
Баары оюндай
Эч бир жан жок
Турса тыңдай.

Айтат мындай:
— Көзөмөлдө
Жалгыз өзүм,
Сүзүүм керек
Такат кылбай!
Ал аңгыча
Толкун урат
Якорунан
Аны жулат.
Толкун,
Толкун
Көтөрүлөт,
Яхта аргасыз
Алга жылат.
Көзүн жаштайт,
Тегеренет
Лялянта
Эмне кылат?
Корккону нан
Чыгып жаны,
Бек карманат

Палубаны.
— Жардам!
Жардам!
Жардам керек!
А ким көрүп
Угат аны.
Деңиз толкуйт,
Толкуп жанат,
Яхта алыс,
Алыс барат...
Күчтүү толкун
Мачтаны уруп,
Быт-чыт түшүп,
Талкаланат!
Кайдан келди —
Эч белгисиз,
Кирип келет
Яхта ичине
Кадимки эле
Аквалангист!

Кызды кармап,
Колунан шап,
Бекемдеп ал
Белин курчап,
Коркунучсуз,
Кудум жомок,
Кийгиздирет,
Масканы да
Суу ичинде
Өтө жеңил,
Сүзгөнү да,
Басканы да!
Бир заматта
Баары тыптынч:
Деңиз түбү
Күндөй жарык.

Лялянта оозун ачат,
Аң-таң калып.
Бул эмине?
Кинобу бул,
Жомокпу же?
Жаз күнүндөй,
Бүт агарып,
Деңиз түбү —
Үлүл-кабык.
Удургушуп,
Аба жарып,
Сан жеткистей
Алтын балык.
Сан адамдар
Санаса да
Калуучудай
Колу талып!
Бул эмнеси,
Акулабы?
Кызда жан жок
Карап аны.
Аквалангист
Эч кенебейт
Күлүп коюп:
«Кармагын» дейт.
Ляляntаны
Бекем тутуп,
Жээкти карай
Колун сермейт.
Ата-энесин
Көздөп келет.
— Мегиле! — деп
Кызын берет.
— Жарааты жок,
Мына,
Сопсоо,
Керек болсо

Суугa түшүп,
Кадимкидей
Боюн керет!
Ата-энеси
Бышакташат,
Кызын бекем
Кучакташат.
Надя жеңе
Сүйлөйт арттан:
Түшүнбөйм эч
Калам аң-таң...
Сизге кандай
Алкыш айтам?
Сизге кандай
Белек берем?
Куткаруучу
Минтет күлө:
— Кызга чабак
Үйрөткүлө.
Адам уулу
Бардыгынан
Күчтүү деген
Абдан туура,—
Жардамдашса
Физкультура!

Жаркыраган
Күнөстүү
Борбор шаарда,
Ал чоң шаарда:
Трамвай,
Паркы
Цирки,
Баары бар да!
Үч кыз — эже-синди
Турушат,
Ынтымактуу

Жыргап анда.
Азыр алар
Жер кыдырбай,
Чогулушуп
Баары мында.
Бирге барып,
Бирге окушат
Аквалангисттер
Кружогунда.
Лялянта
Жаш болсо да,
Улууларды кууп
Барат
Алда:
Ал чабакты
Кыйын билет.
Суу түбүнө
Түптүз
кирет.
Эркин ойнойт,
Эркин жүрөт.
Тор сузгучу
Эч илгиртпей
Көпөлөктү
Дароо илет!..

Күн күлүңдөйт
Таза, жарык,
Дубалдарга
Күн — нур
Жанып.
Көңүлүнө
Баары жага,
Кыйын күндөр
Түшсө да ага,
Туш келсе да,
Ага мейли,

Кызык-кызык
Окуяга.
Жакшы адамдар
Болсо болду,
А жанында
Жалгыз гана!
Жардам берип
Кыйындыкта,
Калган кезде
Эстен тана...
Лялянта
күлүп, жайнайт
Жашоосуна
Ыракаттана!

## МАЗМУНУ


Мен... сапар (Которгон *Сулайман Маймулов*) . . . . . . 4
Арал деңизи (которгон *Сулайман Маймулов*) . . . . . . 7
Түрпү (которгон *Барктабас Абакиров*) . . . . . . . . 8
Бурундук (которгон *Сулайман Маймулов*) . . . . . . . 9
Мен кантип билбей калдым? (которгон *Барктабас Абакиров*) . 11
Бул сага чоң сабак (которгон *Барктабас Абакиров*) . . . 12
Балыкчы (которгон *Барктабас Абакиров*) . . . . . . . 12
Саламатсыңбы, жай? (которгон *Барктабас Абакиров*) . . . 13
Эшиктерди жапкыла (которгон *Барктабас Абакиров*) . . . 13
Жаңылды (которгон *Барктабас Абакиров*) . . . . . . . 13
Укмуш багбан Клава! (которгон *Сулайман Маймулов*) . . . 15
Тамчы (которгон *Сулайман Маймулов*) . . . . . . . . 15
Калемпир (которгон *Барктабас Абакиров*) . . . . . . . 16
Пияз (которгон *Барктабас Абакиров*) . . . . . . . . 16
Канча өтүкчө тигиш керек? (которгон *Барктабас Абакиров*) . 17
Бул өзүнчө эле зообакча (которгон *Исабек Исаков*) . . . . 17
Киргиле, балдар!.. (которгон *Исабек Исаков*) . . . . . 17
Тюлень (которгон *Исабек Исаков*) . . . . . . . . . 19
Сууну ким кандай ичет? (которгон *Исабек Исаков*) . . . . 20
Морж жана кирпи жөнүндө (которгон *Исабек Исаков*) . . . 22
Кирпи (которгон *Исабек Исаков*) . . . . . . . . . . 23
Пингвин (которгон *Исабек Исаков*) . . . . . . . . . 24
Жандуу кашаа (которгон *Исабек Исаков*) . . . . . . . 24
Балапаны өрдөктүн (которгон *Исабек Исаков*) . . . . . . 25
Ёлка (которгон *Исабек Исаков*) . . . . . . . . . . 26
Жандуу велосипед (которгон *Исабек Исаков*) . . . . . . 27
Сеня тентек (которгон *Исабек Исаков*) . . . . . . . . 27
Күн (которгон *Исабек Исаков*) . . . . . . . . . . 28
Биз — Палван экөөбүз (которгон *Исабек Исаков*) . . . . 29
Ёлка жөнүндө (которгон *Исабек Исаков*) . . . . . . . 29
Мен — электр шамымын (которгон *Исабек Исаков*) . . . . 30
Сүйкүм шаарым Нукусту сүйөм (которгон *Исабек Исаков*) . . 31
Альпы шалбаасында (которгон *Исабек Исаков*) . . . . . . 33
Бөбөктөр чыкты талаага (которгон *Сулайман Маймулов*) . . 36
Керебет (которгон *Сулайман Маймулов*) . . . . . . . . 37
Түок (которгон *Сулайман Маймулов*) . . . . . . . . 38
Лялянтанын кызыктуу окуялары (поэма) (которгон *Жолдошбай Абдыкалыков*) . . . . . . . . . . . . . . 40

Борис Пак

ГОЛУБАЯ АРКА

Стихи и поэма

*Для детей младшего школьного возраста*

На киргизском языке

Которгондор: Барктабас Абакиров, Жолдошбай Абдыкалыков,
Исабек Исаков, Сулайман Маймулов
Редактору *Ж. Бектуров*
Сүрөтчүсү *А. Бобров*
Сүрөт редактору *Ж. Карыппаев*
Техн. редактору *А. Атамкулова*
Корректору *Ж. Теңирбергенова*

ИБ № 2954

Терүүгө 22. 05. 84. берилди. Басууга 28. 09. 84. кол коюлду.
Китеп-журналь кагазы. Кагаздын форматы 84×108 1/32. Адабий
ариби. Жөнөкөй ыкма менен басылды. 2,0 физ. басма табак,
3,36 шарттуу басма табак, 2,98 учёттук басма табак, 3,68 шарттуу
боёк түшүрүү. Нускасы 4000. Заказ № 176. Баасы 15 т.

«Мектеп» басмасы.
720361, ГСП, Фрунзе ш., Совет көчөсү, 170.

Кыргыз ССР басма, полиграфия жана китеп соода иштери боюнча
мамлекеттик комитети. Кыргыз ССРинин 50 жылдыгы атындагы
Кыргызполиграфкомбинаты.
720461, ГСП, Фрунзе 5, Жигули көчөсү, 102.

15 к.

